
# Кыргыз тили жана адабият кафедрасынын 2022-2023-окуу жылындагы отчету



«Адам өлсө сөзү калат артыңда,
Ачык сүйлөп, ак ишинди улай бер».

Жусуп Баласагын

Кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин усулдук бирикмеси 2022-2023-окуу жылында “Кыргыз тили жана адабияты сабактарын окутууда, системалык ишмердүүлүк ыкмасын колдонуу аркылуу, окуучулардын билим деңгээлин өстүрүү” деген теманын үстүндө иштеп жатабыз.


## Кыргыз тили жана адабият кафедранын курамы: 12 мугалим

| № | Аты-жөнү | Сабак берген класстар |
|---|---|---|
| 1 | Усенова Раиса Касмакуновна | Кыргыз тили: 10 а; 11 а, б, в |
| 2 | Конурбаева Дамиргул Качагановна | Кыргыз тили: 9 б; 10 а, б; 11 а, б, в<br>Адабият: 10 а, б; 11 б, в; |
| 3 | Исаева Эркина Асековна | Кыргыз тили: 8 а, б, в, г, д; 9 а, б, в, г, д |
| 4 | Ниязова Бактыгул Меймановна | Кыргыз тили: 2 а, б, г; 3 б, г, д; 4 а, б |
| 5 | Айбашова Сайракан Айиповна | Кыргыз тили: 8 а, б, в, г, д; 9 а, б, в, г, д |
| 6 | Томоева Гулнара Толалиевна | Кыргыз тили: 6 г, д, е.; 7 а, б, в, г, д.<br>Адабият: 5 а, б, в, г, д. |
| 7 | Умурзакова Гулира Алымкуловна | Кыргыз тили: 6 г, д, е.; 7 а, б, в, г, д.<br>Адабият: 7 а, б, в, г, д. |
| 8 | Баястанова Гульназ Мелисовна | Кыргыз тили: 1 а,б,в,г,д; 3 а,в; 9 б; 10б;<br>Адабият: 8 а, б, в, г, д; 9 б; 11 а |
| 9 | Ачакеева НестанДарежан Алмасбековна | Кыргыз тили: 5 а, б, в, г, д; 6 а, б, в<br>Адабият: 6 а, б, в, г, д, е |
| 10 | Джумалиева Жылдыз Асылбековна | Кыргыз тили: 1 в, г, д; 2 в, д; 4 в, г, д |
| 11 | Мамытова Элзира Абыловна | Кыргыз тили: 1 в, г, д; 2 в, д; 4 в, г, д |
| 12 | Бектен кызы Айгүл | Кыргыз тили: 2 а, б, г; 3 б, г, д; 4 а, б |

| № | Аты - жөнү | Кайсы теманын үстүндө иштейт |
|---|---|---|
| 1 | Усенова Раиса Касымакуновна | “Окуучулардын кептик көндүмдөрүн калыптандыруу” |
| 2 | Конурбаева Дамиргуль Качагановна | “Кыргыз-тили жана адабияты сабактарында элдик педагогакиканы колдону” |
| 3 | Исаева Эркин Асековна | “Таяныч таблица аркылуу кыргыз тили сабагында грамматиканы өздөштүрүү |
| 4 | Ниязова Бактыгуль  Меймановна | “Башталгыч класстарда эске тутуу жөндөмдүлүктөөрүн  өнүктүрүү” |
| 5 | Айбашова Сайракан Айыповна | “Окуучуларды сүрөттөр менен иштетүү аркылуу оозеки кебин калыптандыруу” |
| 6 | Томоева Гульнара Толалиевна | “Кош тилдүүлүктүн шартында окуучулардын ой жүгүртүүсүн, ишмердүүлүгүн активдештирүү” |
| 7 | Умурзакова Гулира Алымкуловна | “5-6 -класстарда таяныч – таблицаларын колдонуу аркылуу кыргыз тилинин грамматикаларын окутуу” |
| 8 | Баястанова Гульназ Мелисовна | “Кыргыз тили сабагын ар түрдүү оюн технологиясы аркылуу кызыктыруу” |
| 9 | Ачакеева Нестан Алмасбековна | “Окуучулардын сөз байлыгын диалог түзүү аркылуу өстүрүү” |
| 10 | Джумалиева Жылдыз Асылбековна | “Оюн сабак аркылуу окуучуларды кыргыз тилине кызыктыруу” |
| 11 | Мамытова Элзира Абыловна | “Кыргыз-тили жана адабияты сабактарында ар түрдүүү кырдаалдарды колдонуу” |
| 12 | Бектен кызы Айгүл | “Окуучуларга кыргыз тилиндеги фонетикалык өзгөчөлүктөрдү  үйрөтүү” |


**2022-2023 окуу жылында кыргыз тили предмети боюнча мугалимдер төмөнкүдөй жыйынтыктарды көрсөтүштү:**

| Класс | Баардыгы | «5» | «4» | «3» | «2» | Сапат % | Жетиш % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-4 | 721 | 101 | 175 | 70 | | 80 | 100 |
| 5-9 | 778 | 253 | 353 | 173 | | 78 | 100 |
| 10-11 | 129 | 50 | 60 | 19 | | 85 | 99 |
| Баардыгы | 1628 | 404 | 588 | 262 | | 79 | 100 |



**2022-2023 окуу жылында адабият предмети боюнча мугалимдер төмөнкүдөй жыйынтыктарды көрсөтүштү:**

| Класс | Баардыгы | «5» | «4» | «3» | «2» | Сапат % | Жетиш % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | 146 | 46 | 61 | 41 | | 73 | 100 |
| 6 | 181 | 51 | 88 | | | 77 | 100 |
| 7 | 153 | 54 | 72 | 27 | | 82 | 100 |
| 8 | 154 | 31 | 89 | 34 | | 74 | 100 |
| 9 | 142 | 45 | 71 | 26 | | 82 | 100 |
| **5-9** | **778** | **227** | **381** | **115** | | | **100** |
| 10 | 59 | 19 | 28 | 12 | | 80 | 100 |
| 11 | 70 | 26 | 32 | 12 | | 90 | 100 |
| **10-11** | **129** | **45** | **60** | **24** | | **81** | **100** |
| **Баардыгы** | **907** | **272** | **441** | **139** | | **79** | **100** |



2022-жылдын 23-сентябрынан 4-октябрына чейин, **«Билимиңе - жөлөк болсун, дилиңе - өбөк болсун!»** аттуу темада Мамлекеттик тил декадасы өткөрүлдү.

| № | Иш чаранын аталышы | Өткөрүү формасы | Мугалимдин аты - жөнү | Күнү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | "23-сентябрь мамлекеттик тил күнү" | Декаданын ачылышы | Кыргыз тили жана адабият мугалимдери | 23.09 |
| 2 | «Эне тилим – ыйык туткан сыймыгым,<br>Бабалардан жете келген сыйлыгым». | Мелдеш (КВН) сабагы | Умурзакова Г.А. | 26.09 |
| 3 | "Элдин эң чоң байлыгы – анын тили".<br>М.А. Шолохов | Ролдоштуруу сабагы | Ниязова Б.М. | 26.09 |
| 4 | «Тилсиз элдин тукуму курут болгон,<br>Тилин сактап калган эл улут болгон». | Аукцион сабагы | Джумалиева Ж.А. | 27.09 |
| 5 | Тил – элдин тарыхы, өткөндүн күбөсү, чындыктын жарыгы, турмуштун устаты, эски замандын жарчысы. | Конференция сабагы | Исаева Э.А. | 27.09 |
| 6 | «Улуу муундун сабагын таанып билип жашагын,<br>Улуу муундун сабагын аңдап билип жашагын». | Тегерек стол | Томоева Г.Т. | 28.09 |
| 7 | «Мезгилди сен баалагынын,<br>Мезгилди сен талдагынын,<br>Мезгилди сен сыйлагынын…» | Долбоор сабагы | Ачакеева Н.А. | 29.09 |
| 8 | «Мезгилдин улуусу бар, кичүүсү бар<br>Мезгилде уюп жаткан чоң кут да бар». | Викторина сабагы | Конурбаева Д.К. | 29.09 |
| 9 | «Табият таануу ырыстын киндиги,<br>Билим алуу ырыстын тизгини». | Телемост сабагы | Айбашова С.А. | 30.09 |
| 10 | Касиет жолду танда, көктөмдү жана сулууну дайым баала. | Дидактикалык оюн сабагы | Бектен кызы Айгуль | 28.09 |
| 11 | «Табигат белек тартуулайт,<br>Тарбия кылып таңуулайт». | Поэзия кечеси | Усенова Р.К. | 30.09 |
| 12 | «Баардык жаратылыш кубулуштары өзүн-өзү сактоого умтулат». | Саякат сабагы | Мамытова Э.А. | 04.10 |








REDMI NOTE 9S
AI QUAD CAMERA


REDMI NOTE 9S
AI QUAD CAMERA


















Чүй аймагы


КЛАССТЫК БУРЧ


I WAS LUCKY
PODPISYVAISY NA KANAL

Тажрыйба алмашуунун бир формасы – бул ачык сабак берүү болуп саналат. Мугалимдер бири-биринен тажрыйба алыш үчүн, №37 мектеп-гимназиясында жылына 4 жолу **“Биргелешкен усулдук күнү”** уюштурулган.

2022-2023-окуу жылында усулдук семинар «**Окуучуларды кызыктыруу жана мотивациялоо**» темасына арналды. Бул семинарга кыргыз тили жана адабият тажрыйбалуу мугалими Умурзакова Г.А. “Кожожаш” эпосу боюнча ачык сабак берди.







Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 22-апрелиндеги № 126 «Кыргыз элинин баа жеткис руханий мурасы - «Манас» эпосунун училтигин («Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторун) ар тараптан изилдөө жана популярдаштыруу боюнча кошумча иш-чаралар жөнүндө» жарлыгы боюнча №37 мектеп-гимназиясы тарабынан 4-декабрда мектеп ичинде «Манас» эпосунун күнүнө арналган балдарга патриоттук тарбия берүү максатында **«Манас-кыргыз рухунун туу чокусу»** деген темада тарбиялык иш чара өткөрүлдү.

Мында «Манас» эпосунун училтигин сактоо, өнүктүрүү, Манас айтууга үйрөтүү жана кыргыз элинин улуттук каада-салтын арттырууга тарбиялоо. Кыргыз тили мугалимдери «Манас» эпосу боюнча дилбаян, реферат, жат жазуу жаздырып, мыкты иштерди белгилешти. Башталгыч класстын мугалимдери тарабынан «Манас окуучунун көзү менен» деген темада сүрөт көргөзмөсүн уюштурушту. Буга бардык башталгыч класстардын окуучулары активдуу катышты.

Мектеп ичинде мыкты «Манас» эпосунан үзүндү айтуу боюнча сынак жүргүзүлдү. Мыкты манас айткан окуучулар аткарып беришти, 7-Д классынын окуучусу Жусубалиев Актан,6-Д классынын окуучулары Белеков Атай, Джунушев Нурислам, Джумалиев Эльдар. Башталгыч класстардын окуучулары ичинде дагы «Кичинекей манасчы» сынагы өткөрүлдү.

«Манас –улуу мурас» аттуу китеп көргөзмөсүн китепканачы Яцук Н.Б. уюштурду, 4-класстын окуучуларына презентация жасап Манас эпосунун училтиги менен тааныштырды.












«21-февраль – эл аралык эне тил күнү» карата мектебибизде «Эне тилим – менен дилим» темасында кызыктуу иш-чаралар өткөрүлдү.











3-март “Желек күнүнө” күнүнө карата Кыргыз Республикасынын гимнинин коштоосунда желекти көтөрүү салтанаттуу иш чарасы өткөрүлдү. Бул иш чарада окуучуларга желек күнүнүн тарыхы тууралуу маалымат берилди. Иш чарага мектеп мугалимдери, ата-энелер жана окуучулар катышышты.




5-март “Калпак күнүнө” карата 6-класстын окуучулары тарабынан иш чара өткөрүлдү. Кечеге ак калпакты даңазалоо, барктоого карата көркөм окуулар, манас айтуу, ырлар, сценкалар, бийлер көрсөтүлдү.

“21-март улуу Нооруз күнүнө” карата башталгыч класстарда "Салам сага, санжыралуу Ноорузум" аттуу темада иш чара өткөрүлдү. Нооруз майрамы кыргыз элинин улуттук маданиятын, баалуулуктарын чагылдырган элдик каада салттар, ыр бийлер менен коштолду. Ошондой эле улуттук тамак аштар көргөзмөсү уюштурулуп, алардын жасалышы айтылды.









14-май айында Бишкектин Октябрь районунда «Урааным Манас» республикалык кароо-сынагы өттү. «Иш-чаранын максаты – улуттук баалуулуктарды сактоо, патриоттукка тарбиялоо, “Манас” эпосун жайылтуу жана президент Садыр Жапаровдун “Инсандын руханий-адептик өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” жарлыгын ишке ашыруу ашыруу алкагында өткөрүлдү. Бул иш чарага биздин №37 мектеп-гимназиясы четте калган жок, мектептин 7-класстын окуучулары “Каныкейдин жомогунан” үзүндүнү жаттап, кызыгуу менен аткарып беришти.









# Көңүл бурганыңыздарга ыракмат!

